Бекмырза Рахман уулу



# Камчысап жана казына

Бекмырза РАХМАН уулу

# Камчысап жана казына

*(Жомоктор, жаңылмачтар, айбанаттар жөнүндөгү окуялар, ырлар)*

**Алтынчы чыгармалар жыйнагы**

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 1468

Бишкек – 2003

УДК 821.51-93
ББК 84 Ки 7-4
Р 27

Р 27 Рахман уулу Б.
Камчысап жана казына: Жомоктор, жанылмачтар, айбанаттар жөнүндөгү окуялар, ырлар. - Б.: 2015. - 44 б.
ISBN 978-9967-27-880-6

Балдар, белгилүү жазуучу жана акын байкеңердин алтынчы китеби силерге арналды. Китепке жомоктор, жаңылмачтар, ырлар жана койчу көргөн-билген айбанаттар жөнүндөгү абдан кызыктуу, чакан окуялар топтоштурулду.

Чыгармаларда кыргыздын көркөм сөз каражаттары, макал-лакаптар көп учурайт. Жаңылмачтарды тез-тез айтып, чечендикке машыксаңар болот.

Китептеги сүрөттөрдү агайыңар өз колу менен тартты.

Б 4803300100-15
ISBN 978-9967-27-880-6

УДК 821.51-93
ББК 84 Ки 7-4
© Пашахан Абдразакова, 2015



# Каргышка калган Байулу

(Жомок)

Бар экен, жок экен, кайсы бир доордо эсепсиз бай бир адамдын эсирген, эси жок уулу болуптур. Ал "өзүн өзү билип, өтүгүн төргө илип", кедей-кембагалдарды мазактап, уруп-сабап, ыйлатканды абдан жакшы көрчү экен. Бей-бечералар мункаsuccessп-зарласа, ошону карап туруп - ырахаттанат, жаны жыргайт.

Бай карыганда көргөн жалгыз уулум дегенсип, көзүнө карап, тапканын оозуна кармайт. Билген намазын окуган эси жок уулун эч тыйбайт. Арыз-арманын айтып келген айыл аксакалдарынын сөздөрүн кулагынын сыртынан кетире берет экен. Кайра уулунун

каалаганындай болуп, оюндагыны аткарганын күчөтөт.

Эси жок бала көз болсун деген ой менен атасы кошуп берген төрт-беш жигиттерди ээрчитип алып, колунда жоктордун эптеп кураган бирин-экин мал-салына "анчылык" кылганды абдан жакшы көрчү. Алдынан улактуу эчки чыгабы, ботолуу төө чыгабы, ошол замат атып сала берчү. Бышып турган буудайларды, жыйылып турган чөптөрдү өрттөйт, сулуу кыз-кыркындарды көрсө, өз жигиттери менен көкбөрү тартып ойнойт.

Кой дээр кожосу жок бай уулунун жосунсуз жоруктарынын айынан көп карапайым эл жабыр тартат, көз жаштары көлдөйт, муң-зарлары көбөйгөндөн көбөйт.

"Бай уулу келатат!" - дегенде караламан калк малын буйга жерлерге бекитип, өздөрү жөндөн-жөн токмок жеп, камчыга уукпас үчүн далдоого жашынып калышчу.

Акыры элдин жүрөгүнүн үшүн алган бай уулунун өз аты өчүп "бай уулу келатат" - деп жүрүшүп, "Байулу" аталып кетет.

Мезгил өтө берет, Байулу өз кылыгын токтотпой кайра күчөтөт.

Сейде деген боорукер кемпир топ жетим балдарды багып, ошол аймакта жашоочу.

Жалгыз көзгө басар күрөң уюнун торпогун сатып, өзүн саап, сүтүнөн каймак-май, айран, курут даярдап, жетимдерди эптеп багып турчу.

Бир күнү Байулу бир жактан көңүл ачып келе жатып,

аркандалуу турган күрөн уйга туш келет. Саадагын жонунан алып жатканда, топураган кичинекей топ жетимдерин ээрчитип, Сейде кемпир жүгүрүп жетип келет.

- Балам, койгун, жетимдердин ырыскысына тийишпе! Бешенесине бүткөн жалгыз ырыскы - ушул уй!

Сенин жетимдерин менен менин ишим эмне?! Тур



мындай, жүрөккө түз атышым керек, жолтоо болбо!

- Акылына кел, балам, бул жетимдердин аталары эл-журттун тынч жашоосу үчүн, тоолуу жерибиз душман колунда калбасын үчүн салгылашууларда жан беришкен баатырлар!

- Кана, ошол баатырлар, жекеме-жекеге чыгышсынчы! Кана-а?

Алар тирүү болгондо сени чакчандатышат беле? Арбактарга тил тийгизбе?

Арбак-сарбактарынды урганым жок! Мындай тур, болбосо өзүңдү атам!

Сейде кемпир кирпик ирмеп койбойт, кайра:

- Ат, "талаа ээн болсо, доңуз дөбөгө чыгат" болгон турбайбы! Алын жеткени аялзаты болсо, анда - ат! - дейт да, күрөн уюн далдоолоп тура берет.

- Алгыла-а! - деп чаңырат Байулу. Атчан жигиттер Сейдени эки колдон алып, сүйрөтүп кетери менен байдын көпкөн уулу сүттүү күрөн уйду жаа менен атып өлтүрөт.

Ошондо ак жоолугун башынан алып, буурул чачтарын саксайтып, чурулдап ыйлаган топ жетимдердин ортосунда отуруп алып, Байулуга каргыш жаадырыптыр:

Жашаганың түн болсун,
Жашынганың Күн болсун.
Жарыкчылык көрбөй кал,
Жакшылыкча өлбөй кал.
Үңкүр болсун түнөгүң,
Үшү жок болсун жүрөгүң.
"Байулу" деп бакырып жүр,
Өз атыңды чакырып жүр.
Жакшы күндү көрбөй өт,
Каргыш тийип, өнбөй өт!


Катуу каргышка, кедейлердин төгүлгөн эсепсиз көз жаштарына, арбактардын наразылыктарына туш болгон эсирген бай уулу заматта түнү жортчу жырткыч кушка айланып кетет.

Бирөөлөрдү жөнү жок капа, ызаа кылып, алардын каргыштарына калган киши онбой калат деп, бекер айтышпайт.

"Бауу-у, бауу-у..." - деп, түнү ачуу бакырган түн кушу Байулу азыр да жайлоолордо бар. Ар дайым түн ортосунда өкүрүп-бакырып айылдарга жакын кирип келет. Кемпирлер ырымы деп, очоктогу күйүп жаткан чычаланы алып ага карай ыргытышат да: "Каргышын как-чокуна! Жогол ары!" - деп, алыс кубалашат.

Тукуму аз, жарыктан корккон Байулу же жоголбой, же көбөйбөй, көөдөй түндү эрмек кылып. азыр да жашап жүрүшөт.





# Камчысап жана казына

(Жомок)

Илгери-илгери бир өрөөнгө аттын кашкасындай таанымал, колунан көөрү төгүлгөн чебер уста жашаптыр. Ал жасаган эликтин узун шыйрагынан, текенин мүйүзүнөн, бекем табылгыдан сапталган өрмө камчылары кыска элдин кыйырына, узун элдин учуна жетет. Кооз жасалгасын, өтө бышыктыгын макташат, атак-даңкын чыгарышат. Мактоо сөздөргө, урматсыйга гана топуктук кылып, жүрөгү сүйүнүп, көңүлү көтөрүлгөн колу гүл уста, тапканын айылдаштары менен тең бөлүшүп, өмүрү дүйнө-мүлк жыйнабаптыр.

Качан гана карылыкка моюн сунуп, алдан-күчтөн тая баштаганда гана, жалгыз уулу Караанды ээрчитип, бир табыгалуу чукур колотко келет.

- Балам, - дейт карт уста, - “Байлык мурас эмес, жоктук уят эмес” - деген, мен дүйнө-мүлк топтободум. Байлыгым - ишенген өнөрүм болду. Жасаган буюмумдан ырахат алып, ошого көнүл тоюп, семирип, ошого жыргап жашадым. Эл алкышы себеп болуп, бакубат 87 жашка чыктым. Сен дагы элден аяба, ак эмгек менен күн көр. Эми, “өсөрүм калбады, өлөрүм калды”, эң акыркы камчыны сага жасап калтырайын. Билегине илген сайын, камчыланып ат бастырган сайын мени эстеп жүр...

Уста соксогой ташка жабыша өскөн бир түп кызыл табылганын жанына токтойт.

- Эликтин шыйрагынын суу тийсе жүнү жыдыйт, мүйүз сынат, оор, андан сырткары алар өтө кооз болуп, көз арткандар көп болот. Сага табылгы сап тандадым: женил, бекем, чыдамдуу. Эгерде, менин жолумду жолдоп, уста болгун келсе, саптык табылганы ушул колоттон кыйып кетип жүр...

Күн артынан күн, ай артынан айлар алмашып, жылдар жылып, акыры атактуу уста о дүйнөгө сапар алат...

Уулу Караан ата кесибин улантпаса дагы, жер айдап, мал-сал багып, мандай тери менен күн көрүп жүрөт.

Күндөрдүн бир күндөрүндө тынч жаткан айылды сырттан келген жоо капысынан басып калат. Туйдурбай кирген жоо көкүлдөн сыламак беле ороого салынган эгиндерди, мүлктү, мал-салды түгөл олжолоп кетет. Камылгасыз турган журт же душман менен айгай салып чабышалбай, же жыйган-тергендерин, баккан

кой, эчки. жылкыларын ажыратып калалбай, тонуп-тозуп, ачылып-чачылып айталаала арманда калышат...

Карыган апасын, бала-бакырасын кантип багарын билбей калган Карaанга да кыйын болду. Капсаланда каракчылардан жашыра койгон атасы аманат калтырган камчыдан башка колунда эч нерсе жок. Ойлонуп, ойлонуп отуруп, "ары карап ыйлап, бери карап күлүп", акыры ошол жалгыз камчыны сатууга аргасыз болот.

Үч кун, уч тун тынбай жол жургөн соң, ал эл быкпырдай кайнаган бир чон шаарга туш келет. Базар аралайт. Түркүн түстүү жер-жемиштер көз жоосун алып, жаңы бышкан буудай нандын жыты буркурайт. Ач курсагы курулдайт. Сатып алайын десе, чөнтөгундө сокур тыйыны жок...

Караан ат жабдыктарын саткандардын катарына турат да, өтүгүнүн кончунан аманат калган камчыны алып чыгат. Мындай өзгөчө, жөнөкөй, бирок, сонун камчы башкаларда жок эле. Кардарлар тез эле чогулуп, камчынын баасын бычалбай жатышты. Ары сүр, бери сүр күч алып, талаш-тартыш күч алат. Ошол учурда насвай саткан, эгинде суюк сакалы, эки тиши гана бар, жамачыланган малакай кийген көрксуз кары киши пайда болду.

- Аттиң ай, аттиң, сатпай турган асыл буюм турбайбы! Мындай буюм баа менен бычылбайт, - деди баш чайкап, - Бул камчыны сатып алганга чөнтөгүнөр тутпөйт. Тарагыла!

- Сооданы бузбаңыз, аксакал! Камчыны сатпасам болбойт.

- Балам, биздей карыган кишилерди жалпысынан - карыялар деп коёт. Алардын ичинен элге-журт арасына кадыр-барк кутуп карыса - "аксакал" дешет, бир айылга гана сөзу өтумдуу болуп карыса - "абышка", уйунө зорго кирип-чыгып, ыштанына чалынып басып, эптеп улгайса - "чал" деп коюшат. Аксакал дегенине, рахмат, мен чалмын, эптеп насвай ийлеп сатып, кун көруп жүрбөйүмбү...

- Ава, камчымды берсениз, эптеп сатып кетейин?

- Бул сатылбай турган буюм.

- Неге?

- Себеби бар, - чал кардарларга карады, - Камчы сатылбайт, кете бергиле!

Күнкүлдөп суйлөнгөндөр тарап-тарап кетери менен жудөө чал Карaанды ээн жака колтуктай басты.

- Балам, атын ким?

- Караан.

- Ии, жакшы, жакшы ат, элине караан, жөлөк-таяк болсун деген тилек менен коюлуптур. Камчыны атаң жасап, сага аманатка калтырган го?

- Кантип билдиңиз?

- Камчы өзүнө куюп койгондой окшошуп турбайбы: сымбаттуу, бекем...

- Коюнузчу, ава, буюм кантип ээсине окшошсун?

- Окшошот, андай буюмду атана окшогон чебер уста

гана жасай алат, аны мага окшогон баамчыл кишилер гана байкай алат. Аманат буюмду сатпайт, саткан киши жарыбайт, бири эки болбойт, этек-жени узарбайт. Бул - биринчиси, экинчиси, сен заматта байлыкка туйтунгун келеби?

- Келет, ава, эл-журтум жакырланып, тиштеринин кирин соруп отурат.

- Оомат эр башына үч жолу келет. Сенин башына ал атандын көзү барда бир келген экен, жаштык кылып байкабаптырсың. Ал - ата өнөрү болчу. Устачылыкты үйрөнүп калбаптырсын. Оомат сага экинчи жолу кайрылып отурат. Кетирсен - шорун, колдон чыгарбай бек кармасаң - бактың. Сен ушул камчы сап кыйлып алынган табылгы түптүн каерде экенин билесинби?

- Билем, ава.

- Мени ошол жерге алып бар.

- Алыс, үч күндүк жол.

- Бир айлык жол болсо да барам!

Жүдөгөн чалдын жөн адам эмес экенин билип, Караан анын өтүнүчүнө ошол замат макул болот.

Экөө кайрадан үч күн, үч түн жол жүргөн соң, баягы табылгалуу чункурдагы соксогой ташка жармаша өскөн узун табылгыга жетип келишет.

- Эми, ушул бир түп табылгынын түбүн каз, - дейт да, жүдөө чал эски чапанын жерге жая салып, кынтая кетет.

Караан убакытты созуп отурбай этек-женин түрүнүп, шымалана ишке киришет. Тизеге чейин казып барганда

бир кулачка жеткен, ак жылан сойлоп чыгат. Караан аны колундагы кетмен менен кырча чапмакчы болгондо, уктап жаткан чал бир көзүн ачып:

- Токто, уулум, жыланды темир менен өлтүрбөйт, ырымы болот. Таш менен эле башын жанчып сал, - дейт.

Караан тигинин айтканындай жасайт да, кайрадан ишин улантат. Чункур белге жеткен кезде бир чоң чопо кумурага туш болот. Ичинде толтура алтын тыйындар бар экен. Экөөлөп жатып оор кумураны арандан-зорго сыртка көтөрүп чыгышат. Чапандарын жая салып, ага алтын тыйындарды додо кылып төгүшөт.

Сырдуу чалдын билармандыгынын сырын уккусу келген Караан суроо узатты:

- Эгер жашыруун болбосо айтыңызчы, бул жерде алтын катылганын кантип билдиңиз?

- Жашыруун деле эмес. Абайлап карачы: башкалардан бул бир түп табылгынын айырмасы барбы?

- Бар: узун, туз.

- Кеп анын узундугу менен түздүгүндө эмес - түсүндө. Кызгыч келип, алтындын буусу жалатылгансып жалтылдап, буралып өскөн сыяктанып турбайбы. Чындыгында табылгы эч убакта буралып өспөйт, ал алтын кайтарган жыландын изи. Күндө анын бутактарына оролуп таш үстүнө чыгып, күнгө кактанып, кайра түшүп кетип турган. Муну мен табылгы камчы сапты көрөр замат байкагамын. Атаң байлыкка караганда сулуу, сымбаттуу нерселерге гана

кызыккан адам турбайбы, аны табылгынын сыны, сымбаты, мени ошол сулуулугунун сыры кызыктырды. Чеке тери менен нан таап жеген, эл керегине жараган киши болуптур. Мына, ошонун акыбети кайтып, баласы алтынга маарып отурбайбы. "Тең жегенди теңирип сүйүптүр" - деген. Сен эми тепетең экиге бөл, мен тээ-тетигил кырга чыгып, таза абадан кере жутуп, табигатка бир суктанып алайын! - дейт чал ордунан онтоп, аран туруп жатып.

Чал өчөйүп басып, алыстагы кырга чыгып кетип, төрт-беш сааттан кийин гана аран келет. Келсе, Караан алтын тыйындарды небак эле тең экиге бөлүп коюп, качып кетпей күтүп отуруптур.

- Ап, бали-и, балам! Келе жатып, жолдон адашып кетип, бул чункурду аран таптым. Кетип калды го десем, кетпептирсиң, ысаптуу турбайсыңбы, ыракмат! - деп сакалын сылайт да, кайрадан көк чөпкө кыйшайып жата кетет.

- Жаман көрбө мени, карыганда адам алдан-күчтөн ажырай түшөт экен. Жаным жер тартып, чарчап турам. Кичине күтүп тур, эс алып алайын, - дейт да, ошол замат кыркырата коңурук тартып, уйкуга кетти.


Жүдөө чал ошол бойдон үч күн күнү-түнү уктайт. Эч ойгонбойт. Караан дагы аны ойготпой күтүп отура берди.

Бир күнү ордунан чочуп тура калган чал:

- Апе-ей, балам, кетпедиң беле? Кара көзүмдү кашайтып, качып кеткен го дедим эле, бали-и,

жолдошчулукка бек, ишенимдүү жигит турбайсынбы!

Сыныма толдуң. Өлбө - өс, сага эми бир ыразычылык батамды берейин:



Тилиң кызыл болсун,
Тилегиң узун болсун.
Бак карасын башыңа,
Кызыл даарысын ашыңа.
Куру сайына суу аксын,
Элиңе ишиң жаксын.
Берекет берсин ашыңа,
Кызыр келсин кашыңа!
Уучуң узарсын,
Душман көзү кызарсын!
Кудай бак берсин,
Бак берсе, бат берсин! - дейт да, колу менен бетин сылаар замат заматта көздөн кайым болот. Ошондо гана Караан Кызырга жолукканын билиптир...

Астына короо-короо кой, үйүр-үйүр жылкы айдатып, төөлөргө азык-түлүк, дүйнө-мүлктөрдү арттырып Караан айылына келип түшөт. Ач отурган элди чогултуп, чоң той берет. Тапкан-ташыгандарын чып-чыргасын коротпой, баарына тараткан экен. Ошентип, эл аман-эсен кыштан чыгышат. Атасы калтырган аманат камчыны үйүнүн төрүнө илген устанын уулу тез эле журт көзүнө көрүнөт да, ызааттаган эли аны бий шайлайт. Ошентип. анын тукумдары ошол кезден ушул күндөргө чейин Мырза тукуму атыгып, эл бийлеп, ар дайым алдыңкы сапта жүрүшөт имиш.

# Амалдуу хан



(Жомок)

Кайсы бир замандарда бир хан жашаптыр. Кээ бирөөлөр аны: "Акылдуу хан" - деп, макташса, бирөөлөрү: "Жок, анык акмак хан" - дешип, аябай жек көрүшчү экен. Анткени, хандын кээ бир жорук-жосундары калкын танкалтырса, кээ бири ызааны келтирчү тура.

Күндөрдүн бир күндөрүндө ошол хан: "Мага акылдуу увазир керек. Кимде ким менин он колум болуунун каалаcа, өргөөмө келип, дасторкон үстүнөн баарлашып кетсин!" - деген жарлыгын чыгарат.

Увазир болгусу келгендер аттын мыктысын минишип, кийимдин кымбатын тандап кийинишип, хан өргөөгө карай убап-чубап жөнөп калышат.

Хан сынап өтмөк болуп келгендердин астына дасторкон жайдырып, түрдүү жер-жемиштерди, тамак-аштарды жайнаттырат. "Тартынбай ичип-жеп, өткөн

кеткенден сөз козгой отургула!" - дейт, Түрдүү дүйүм тамактардан жеп-ичимиш болгондор андан-мындан сөз козгошуп, акылдуу, жүйөлүү сүйлөөгө аракет кылышып, кыскасы ханга көрүнүүгө аябай далаалаттанышат.

Бирок, келгендерди хан өзү узатып чыгып, айрымдарын беш, айрымдарын жети-сегиз жолу куйрукка тээп атказа берет. Нечендеген бай-манаптардын, бийлердин, казылардын өздөрү, балдары эл көзүнчө куйрукка тептирип, ызаа болуп кайтышат.

Хандын тепкенинин сырын түшүнбөгөндөр: "Ханыбыз кутуруптур, көөптур!" - деп наразы боло башташат.

Ошол аймакта ар кандай дарактарды гүлдөтүп, мол түшүм адган багбан жашаптыр. "Бактымды байкап көрөйүн, жок дегенде хандын бакчасындагы мөмө-жемишгеринин даамын татып, таттуу болсо, сырын билип келейин" - деп барат да, ханга бир тептирип, ошого ыраазы болуп, кайра кайтат.

- Пай-пай, хандын дасторконунда нелер гана жок! Бардыгын жеп көрдүм: алмасы, алмуруту, жүзүмү - ачуу болуп калыптыр, суудан көп өксүтүп коюшуптур. Дарбызынын кызылы, коонунун сарысы аз, күн нуру тартыш болгон. Тийип-тиелекте "чарт" жарылган меникине кайдан жетсин! Бир гана хандын алдындагы курмадан ооз тие алганым жок, ка-ап! - дейт дыйкан үй-бүлөөсүнө мактанып, - Башкасын беш-алтыдан тээп,

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК КИТЕПКАНАСЫ ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 1468



323/6 б.к.

мени бир гана тээп атказды, аксакал деп сыйлады окшойт!

- Атакем, ай, жүрөгү жоктук кылган турбайсызбы, болбосо увазирлик сизге тиймек тура! - дейт Акыл деген эн улуу уулу.

- Коркок болсом хандын алдына кирет белем! - дейт атасы ачууланып.

- Хандын бир тээп атказаны сиздин коркуп, жалгыз хан алдындагы курмадан ооз тийбей калгандыгыңыз! Дасторкон сизге жайылган, сиз болсо бир насипти ооз тийбей кесир кылгансыз. Эми кайра барыңыз!

- Ошондой дечи?! - Багбан ойлонуп калат да, бир аздан соң, баласына мындай дейт экен, - Балам, сен туура айтасың, карылык кылып мен аны баамдаган эмес экемин. Эми сен бар да, бактыңды байкап көр... Кейпиңди көрүп, хан сени барыбир увазир шайлабас бекен?

- Ата, кеп кийимде эмес, акылда, - деген уулу күнгө өңү оңуп кеткен жалгыз чапанын кийип, керэшегин минет да, жөнөп калат.

Эмгекчил багбандын уулу Акылды көрүшүп, сыланкороз бай-манаптардын балдары аябай шылдыңдашат.

- Бизди жаратпай жатканда, сага эмне бар, шордуу?

- Ханга кире турган киши имиш, кебетесин карагыла - маскарапоз, ха-ха...

Акыл аларга үнчүкпайт.

Хандын ордоосундагы дасторконду тегеректей

отурушат. Бир кезде хан кирип келет да, учурашкан соң:

- Кана, мырзалар, силердин напсинерге буюрган дасторкондогуларга карагыла! - дейт.

Багбандын уулу а дегенде: "бис-симил-лда" - деп нандан даам татат. Калгандары дасторкондогуларга анча маани беришпей, кол тийгизер-тийгизмексен болушат. Ханга нысаптуу, сыпайы, аксөөк экендиктерин көрсөткүсү келишет. Тарыхтан, санжырадан сөз козгошот... Акыл бардык тамак-аштан ооз тийип чыгат.

Качан гана жайылган дасторконго бата тартыларда:

- Азирет ханым, кудайдын бизге буюрган насиби турбайбы, ыракым этсеңиз алдыңыздагы курмадан да ооз тийейин? - дейт.

Отурган мырзалар: "Эч нерсе көрбөгөн, байкуш!" - дешип, "дуу" кулуп жиберишет.

- Меймандын алдына курманы жылдыргыла! - дейт хан жигиттерине.

Акыл ооз тийип көрүп, башын чайкайт:

Ка-ап, сорту жакшы экен, бирок таштак жерге тигилип калыптыр, - дейт.

Кантип билдиң! - Хан кызыга карап калат.

Көлөмү кичине болгону - жердин семиз эместигинен, тамыры кенен жазылып, терең сүңгүй албагандыгы, ошого карабай - даамдуу, демек сорту жакшы.

- Туура, бул сортту алыскы Арабиядан алдырып келгемин!

Акыры кайтар мезгил да келип жетет. Хан мырзалардын алдына он-он беш, артын жети-сегизден куйруктарын ачыштыра тээп-тээп, маскаралап жөнөтөт да, багбандын уулун жонунан таптап:

- Алдыларына жешсин деп койгон насиптин канчасынан ооз тийбесе, ырыс кесерлерди ошончо ирет тээп жөнөтөр элем. Сен сыныма толдун: акылдуу, жүрөктүү, жөнбилги жигит экенсин. Айтмакчы, курманын кантип өскөнүн кайдан билдин?

- Мен багбандын баласымын, ханым.

- Атаң тирүүбү?

- Ооба.

- Эртенден баштап сен менин увазирим болосуң! Атаңды да көчүрө кел, багбанчыларга башчы болсун!

- Айтканыңыз аткарылат, ханым!

Ата менен бала хан өргөөсүнө алынгандан баштап, нечен талаш-тартыш маселелер билармандык менен чечилет. Коңшу эл менен ынтымактык күч алат. Хандын эсепсиз бак-дарактарынан таттуу жер-жемиштер көп өстүрүлүп алынып, бүт элге бекер таратыла баштайт. Хандын зоболосу артат.

Кыргыз элиндеги үйгө кирген кишинин алдына жакшы тамактарды жайнаткан, шашып турса нан ооз тийгизүү салты, ошол акылдуу хандын доорунан баштап жашап калыптыр.

# *Койчу туш болгон кызыктуу окуялар*



# Ажалы жеткен ачкөз бүркүт

Алайкуу өрөөнүндө Узуншоро деген оюк-үңкүрлөрү, түрдүү жаракалары арбын кызыл зоолуу, кызыл топурактуу, көкшыбактарга, чийлерге бай, чоң-чоң малга жайлуу колоттору мол жайлоосу бар. Ошондой кенен колотторунун бири - Жолжылга деп аталат.

Бала кезим. Жолжылгада кой кайтарып жүрөм. Түшкө жакындап, Күн ысый баштагандыктан, койлор кызыл зоокалардын түптөрүнө ыктап, көлөкөсүнө жуушай башташты. Өйүз-бүйүздөгү зоолорду мекендеген чөкөтаандарга, көгүчкөндөргө, боз чымчыктарга кызыга көз салып, кызыл жалпак таштын үстүндө отургамын.

Капысынан асманда бир ылаачын пайда боло калды да, ачуу бакырып-бакырып алган соң, менин катарымдагы колотчого шукшурулуп кирип кетип, кайра атырылып чыкты. "Жөн кирип чыккан жок, бир нерсени тепти, неси болсо да көрөйүнчү" - деп, ошол колотко чуркап бардым. Барсам, таң калаарлык көрүнүш: бир калдайган канаттуу бүркүт, бир ылаачын, эти чала желген кекилик үчөө өлүп жатышат. Аларды таңкала карап турдум. "Үчөөнү тең бир мезгилде тээп өлтүрдүбү?" - деген менде суроо пайда болду. Бирок, бир аз ойлонуп туруп, түшүнүксүз жагдайдын түйүнүн чечтим. Көрсө, ургаачы ылаачын колго тийген олжо-кекиликти жеп, таш үстүндө отурганда, жортуп учуп келе жаткан ач бүркүт байкатпай баса калыптыр. Чырылдаган түгөйүн бошотуп алуу үчүн эркек ылаачын күү менен түйүлүп келип, өзүнөн он эсе чоң тоо бүркүтүн өлтүрө тээп өткөн экен. Бирок, бүркүттүн курч тырмактуу чеңгелинде калган ургачы ылаачын аман калбаптыр...

Эки тарабымдагы бийик зоолорду канчалык кунт коё карасам да, эр жүрөк ылаачынды кайра көрө албадым. Чамасы, иштин жайын түшүнгөн соң, алыс кетип калгансыптыр.

Жерде кызыл эти көрүнүп жаткан семиз кекиликти алып, белкуруma кыстардым.

Кызыл зоолордун арасындагы жапалак арчалар туштан кекиликтер сайрап жатты.



# Кокуйлаган күйкө

Кичинекейимден кой кайтарып жүрүп, жаратылыш менен киндиктеш өскөндүктөнбү, же анчылыкка көп кызыккандыктанбы, айтор, жан-жаныбарлардын жана канаттуу куштардын жашоо-тиричиликтерине, кыймыл-аракеттерине өтө кызыгып, ар дайым байкоо жүргүзүп турчумун.

Бир ирет таранчылардан чоңураак, ийри тумшук, өңү боз, узун куйругу сары борбаш топ чийдин башында көпкө чейин кыймылсыз отурду. "Борбаш алгыр куштардын катарына кирет" - деген карылардын сөзүн уга калып жүрчүмүн. "Эмне андып отурат болду экен?" - деген суроо кызыктырат мени. Анткени, анын бир чымчык илип же кармап жегенин көргөн эмесмин.

Кыймылсыз отурган борбашты андып турганбы, же учуп келатып капысынан туш келип калдыбы, чыйылдатып чычкан гана кармап жечүү күйкө чырылдаткан бойдон илип кетти. Бир аз барып,

борбаштын чырылдагы тып басылары менен күйкө “пый-пыйлап” алды да, ченгелиндегини бошотуп жиберди. Ошентип, экөө эки башка тараптарды көздөй учуп кетишти.

Көрсө, борбаш курч тумшугу менен күйкөнүн көкүрөк жүндөрүн, буттарын тытмалап жибериптир. Коркуп кеткен чычканчыл күйкө чеңгелин ачып жиберүүгө аргасыз болгон турбайбы.



# Тегеренген тезек

Узуншоронун Жамансары деген дагы бир колотунда эшек минип бараткамын. Жолдун жээгинен тигиндейрээкте уйдун күнгө кургаган жука, чоң калдайган жампасы (тезеги) кырынан туруп калыптыр. “Ии, кургаган женил немени шамал учурса, ташка же куурай-суурайларга такалып, тик туруп калган тура” - деп коём. Бирок, таңкалыштуусу эч шамал, же жел жүрбөсө дагы, кырынан турган жампа кыймылдап коёт. Тушуна жакындадым. Баягыл жалпак жагы дагы эле мени карап турат. Кичине өтө түшсөм, жампанын

жанагыл бети акырын мен тарапка бурулуп коёт. Арт жагында эмне барын көралабадым. “Бул кандай сырдуу тезек?” - деп, эшегимди токтотуп, кыйла карап турдум. Эч нерсе билинбегенсийт. “Жаны бар тезекби? Эмнеси болсо да үн чыгарып көрөйүн деп: “Айт!” - деп камчым менен токулганы “топ” - дедире бир чапсам, сары түлкү “ойт” берип качып жөнөдү. Менин кашаң эшек минип келатканымды көргөн куу түлкү качкандан зээригип, жерде жаткан уйдун жаппасын тургузуп, ошого далдоолоно калыптыр.

Калдайып жаткан уйдун жампасына көз салсам, коңуздар кирип чыккандан калган көзөнөкчөлөр бар экен. Амалдуу түлкү ошол тешиктер аркылуу менин ар бир кыймылыма сактана көз салып туруптур.

# Кулаган бүркүт



Кулаганташ деген жайлоодо эки жүзгө жакын киши чогулуп, чоң жыйын болду. Жыйын бүтүп, бирок эл таркап кетпей, чогуусу менен турган. Аңгыча биздин үстүбүзгө жакын келип, бир бүркүт айланып калды. Бири:

Барчын, бийик тоонун бүркүтү, - десе, экинчиси:

Кичине турбайбы, бөксө

жердин бүркүтү, - деп моюн бербей, ар ким өз билгенин айтып, ортолукта талаш күчөп кетти. Бир аксакал:

- Бардыгынар бир мезгилде кыйкырып көрсөңөр, кайсыл жердин бүркүтү экендиги билинет, - деп калды.

Бардыгыбыз бир ооздон үнүбүздүн бардыгынча бакырып жиберсек, байкуш бүркүт далбактаган бойдон жерге кулап түшсө болобу.

- Арчага туулган бөксө жердин бүркүттөрүнүн жүрөгү ушундай тайкы болот, - деди аксакал.

# Жаа жыланды эмнеси менен өлтүрөт?

Ошондой жай айынын аптаптуу, узун күндөрүнүн биринде, жалгызаяк жолдун жээгиндеги коюу өскөн шыбакка оролуп жаткан карачаар жыланга кезигип калдым. Мындай уусу күчтүү жылан койду чакса, өлүп калышы мүмкүн. Андыктан аны колумдагы таяк менен эки чаап эсин оодардым да, шыбактарга түсү окшош жаа таап келдим. Жаа кандай чөптөрдүн арасында жүрсө, ошол өсүмдүкө түспөлдөшүп каларын байкачумун. Мени мойну ичке, тумшугу чегирткеден айырмаланбаган кичинекей жандыктын килейген жыландын көзүн кантип чукуп алары кызыктырды. Жааны көздөй чалажан, бирок, кыймылдап жаткан

жыланды таяк менен түртүп жакындата баштадым. Көз ачып-жумгуча жыланга жабыша калган жаа пырпырап бир айланып алды. Жыландын бир көзүн онурайта чукуп таштаптыр. Байкаганым, ошол чункур жаанын тумшугу аркылуу эмес, буттарынын кырлуу, өткүр-курч чыканактары аркылуу жасалды. Ошол курч чыканактарын матырып алып, жыландын эки көзүн оюп алышат турбайбы. Эң кызык жери жаанын мындай өнөрүн чабалекейлер кайдан билип алышкан?

# Уйдун "сыйкыр-дуу" куйругу

Күүгүм кирип калган. Мал-салды түгөлдөп жатканбыз. Күрөң чоң уюбуз бар эле, негедир ошол жок. Кечикчүү да, келбей калчу да, адашчу да эмес. Эми издеп чыгайын деп турсам өкүрүп-үркүп короого кирип келди. Жакын басып барып, эч нерсеге түшүнбөй, делдейген бойдон туруп калдым. Уйдун куйругуна асылып, бир түлкү жүрөт. Аны бошотуп салайын деп кармасам, тирүү экен, булкунуп-жулкунуп кирди. Жакшылап байкасам, түлкүнүн тиштери уйдун кылдуу куйругуна чатышып калыптыр. Чамасы, оттоп жүргөн уйдун куйругу менен ойной коём деп, тиштери чатыш кылдуу куйрукка чыккыс болуп илинип калган сыяктуу. Ошентип мин куу, амалдуу болсо дагы түлкү оной гана колго түшүп калды.

# Сары ит жана арс



Ичкеталаа деген колотто кой айдап баратсам, артымдан ээрчип келаткан сары итим отура калып эле озондоп калды.

Ыйлагандай улуса үнү тим эле кудайга жеткидей.

Үстүдөгү кызыл зоолордон кулап түшкөн кызыл, майда корум таштардын арасында отурган ага жакындап барып, көргөн көзүмө ишенбей туруп калдым. Иттин тумшугуна арс чычкан жабышып алыптыр. Мурундун бир таноосун бекем тиштеп, төрт аягы менен иттин тумшугун таканчыктаган аппак түстөгү арстын акылдуу көздөрү мени тиктеп туруптур. Силкип салганга же буту менен шилеп түшүргөнгө акылы жетпей, жан чыдагыс ооруга чыдабай, бар күчүн озондогонго чыгарып жатыптыр. Ачкөз сары ит аны баса калып тиштеринде, шамдагай арс тумшугуна шарт жабыша калган окшойт.

Таяк менен иттин тумшугунан түртүп түшүрмөкчү болгонумда, арс түшө калып, корум таштарды аралай качты. Өчөшкөн сары ит чымын-куюн болгончо кууп жүрүп, таштардын коңулдарындагы уясына киргизип жиберип, арманда калды...

# Көпкөн кузгундар

Эртең мененки Күндүн жагымдуу нурлары узун кызыл зоолорго тегиз тиери менен ошол зоолордун жаракаларына, оюк-чуңкурларына уя салып, балапандарын чыгарчу көгүчкөндөр ары-бери бырпырап учуп, кызыл тумшук чөкөтаандар, бозчымчыктар ызычуу түшүп калды. Эки кузгун алардын уяларына кезек менен кирип барып, жумурткаларын жарып, жерге түшүрүп, кызыл эт балапандарын жеп, чаң-тополон түшүрүп жатышты. Чырылдаган алсыз канаттууларды алардын тоготор түрлөрү жок. Бул чөлкөмдөн бул эки ээнбаш, ырайымсыз кузгундарды мурда көргөн эмесмин. Уясына тийип коюштубу, же ушул айланага ээлик кылабы, айтор кайдан-жайдан жетип келип, жогорудан жаанын огундай атып түшкөн бир ителги уча качууга аракет кылган тиги экөөнү катарынан тээп-тээп өттү. Телпектей ыргыган кузгундар заматтын ортосунда далдактап келип жерде жалпайып жатып калышты. Ителги кантип күтүүсүз пайда болсо, кайра ошондой жок болду...



Көп өтпөй чоң кызыл зоону мекендеген канаттуулар

күнүмдүк жай тиричилигин баштап, теребел мемиреп, кайралан тынчтык өкүм сүрүп калды.

# Капкан

Бой жеткенден кийин дагы жүрөгүмө, көңүлүмө жакын, жан-дүйнөм көнүк болуп бүткөн чабандык кесипти аркалап кеттим.

Таза абалуу, туптунук булактуу, арча-карагайлуу тоо койнун таштап кеталчуудай эмесмин.

Совхоздун коюн багып Жамансары деген жайлоодомун. Жаз келди. Жаз менен кошо бир топ сакманчылар да көчүп келишип, чатыр, боз үйлөрдү тигишип, сарайды тегерене конуш алышты. Тубар койлор да биринин артынан экинчиси чубурта тууп,



сарай ичи ызы-чууга толуп жатып калды.

Сакманчылык оор жумуш. Күнү-түнү уйку бетин көрбөйсүң. Козуларды суукта сактоо керек. Жакшы карабай койсоң, аранжан туулгандары ичөткөк оорусуна чалдыкса, бүттү, мал болбойт.

Кичине тороло түшкөн козуларды көк куудуруш үчүн ой-кырларга жайып

чыккан сакманчылар: “козум жоголду - деп, кээде даттанып калышчу болду. “Уруу бул өрөөндө жок, демек козу жегенге кынык алган бир жырткыч бар, ал сүлөөсүн болуш керек” - деп, сарайга жакын турган кокту-колотторду, корум таштарды аралап, из чалып көрдүм. Кызыл зоолордун түптөрүндөгү кызыл, борбоң топурактарга, үңкүрлөрдүн ичтерине түшкөн издерди иликтедим. Түлкүнүкүнөн башка шектүү издер байкалбайт...

Бир жолу кuураган отун алып келиш үчүн жапалак арчалуу колотко жөнөп калдым. Кашка атымды минип, кер эшегимди астыга салып, айдап алгамын.

Алдымдагы ийри тумшукту айлана берип, түзөнчөдө турган түлкүнү көрүп калдым. Эң кызык жери түлкү башына эки литрдик банканы кийип алыптыр. Алыс басып кеталбай бир орунда тегеренет. Ач көз түлкүнүн акыбалын көрөр замат түшүндүм. Кой-козуларын жайып келген сакманчылардын бири тамактанган соң, түбүндө салаттын калдыгы калган эки литрдик банканы таштап кетиптир. Ач көз түлкү банканын түбүндөгүнү жеш үчүн башын салып алып, кайра сууруп чыгаралбай калган экен. Басып кетишке болбойт, анткени дем тартканынан улам банка ичи бозоруп, эч нерсе көрүнбөй калыптыр.

Козуларды билгизбей уурдай качкан да ошол түлкү болуп чыкты. Анткени аны колго түшүргөндөн кийин, уурулук кан буугандай токтоду.

# *Жаңылтмачтар*



Аппак кыз
тазалыкка
таптак кыз,
айтса
жака такмакпыз,
апабызга
жакмакпыз.

xxx

Агын сууда аттамак
аттап
адам каттамак,
атта шарт,
аттабасан
артка тарт.

xxx

Ала бала таз таскара аскада,
ала кара таз таскара арчада.
Аскадагы ала бала таз таскараны
арчадагы ала кара таз таскара карайт,
арчадагы ала кара таз таскараны
аскадагы ала бала таз таскара карайт.

xxx

Камырабас
кашка атты,
ташыркатып аксатты.

Ташырткаткан
Аскатпы же,
Акматпы?
Атасына айтсакпы?

xxx

Сары Саалы
алды шаалы,
арып-талып
арык салды.



xxx



Арасынан жөжөлөрдүн
ала канат жөжө көрдүм,
арып-талып,
араң бөлдүм.

xxx

"Чыр-рр" - деп бузуп
тынчтыкты,
чырылдаган чыр чыкты.
Чымчыппы же,
чымчыкпы?

xxx

Көп көгүчкөн
көк түсгүү,
көккө чыгып
көп түштү,
көк асманды
өөп түштү.

xxx



Базарды араласан
карала чан,
Калдарды кардарлар
алдайт,
Калдар кардарларды
арбайт.

xxx

Жузу жузум
Жузумгулдун
узсөн уз
жузумунөн
жуз эсе тузугунө

xxx

Коюм бар колот толгон
коломтом конок толгон,
койлорум бийик тоодо
ойлорум - кийик зоодо.



xxx

Үйдөн чыксак
бутуп кеп:
кукук
"кук-кук" - деп,
упуп
"уп-уп" - деп,
дайра жатты
купулдөп.

xxx



Ташбулак,
суу ичет
кашка кашкулак,
аткулак
арасынан таш кулак
качты башка кашкулак.

xxx

Күзгү желге
шалдырап,
жалп деп түшүп
жалбырак,
жатып калды жалдырап.

xxx

Калпакты тап,
капкакты жап,
кап-сапты кат
кант-сантты сат.



xxx

Тарап, тарап тырмап,
тырмап тынып, тырмап
Тырмап сынып тырмак
сынык тырмак тырмап,
тызылдатты кыйнап.

# Ким күчтүү?

## (Эл оозунан)

Кыргоол кызыл экен,
Куйругу узун экен.
Музга түшкөн экен
Буту сынган экен.
- Муз, сен кандай күчтүүсүн?
- Мен күчтүү болсом Күнгө башымды тештирер белем!
- Күн, сен кандай күчтүүсүн?
- Мен күчтүү болсом, Жерге батар белем!
- Жер, сен кандай күчтүүсүн?
- Мен күчтүү болсом, байчечекейге кабыргамды көзөгтүрөр белем!
- Байчечекей, сен кандай күчтүүсүн?
- Мен күчтүү болсом, бозтоктуга башымды үздүрөр белем!
- Бозтокту, сен кандай күчтүүсүн?
- Мен күчтүү болсом, көкбөрүгө көчүгүмдү жулдурар белем!
- Көкбөрү, сен кандай күчтүүсүн!
- Мен күчтүү болсом, мылтыкка аттырар белем!
- Мылтык, сен кандай күчтүүсүн!
- Мен күчтүү болсом, милтемди[1] чычканга жедирер белем!
- Чычкан, сен кандай күчтүүсүн!
- Мен күчтүү болсом, кумурскага кулагымды тештирер белем!
Кумурска, сен кандай күчтүүсүн!
- Мен - белимди бек бууган,
Беш азамат тууган,
Кумурска баатыр деген болом!

1. Милте - эски мылтыктарды от алдыруучу майланган кебез.

# ЫРЛАР

## Түнкү жайлоо



Тоого батса Күн жылып,
күүгүм кирди кылгырып.
Чыга келди алтын Ай,
ак жарыгын жыллырып.

Эшиктерин тумчулап,
боз үйлөр тынч тунжурап,
Түшүнүксүз бир тилде
булак сүйлөйт чулдурап.

Безеленип ит үрөт...
Бейпил түндө ким жүрөт?
Бийик бетке жайылган
бээлер үркү дүпүрөп.

Арсайтат шиш баштарын,
көлөкөсү асканын.
"Бур-р" - деп өрдөйт өрөөнду
күйгөн жыты арчанын...

## Туурабы?

- Уйду байла сарайга, -
деди апакем кечинле.
Кирип алып ичкери
келбедим бир чечимге:

куйругунан байласам
артын салат акырга,
моюнунан байласам
муунчудай жакында.

Уйлу кантип байлоону
билбейт элем мурунтан,
“Катуу тура, бекем” - деп,
байлап койдум бутунан.

## Чындап эле?

- Апаке, - дейт Сайрагүл,
сырттан кирип, мунайым,
- Уйдукундай эмнеге
кыймылдабайт кулагым?

## Тешик глобус

Онурая карарып,
бир капталы тешилген,
көк глобус көтөрүп,
кирди эжеке эшиктен.

- Жер ушундай тоголок, -
деп, карады класска.
Таңданып биз баарыбыз
дымып калдык бир азга.

Тешик жерин көрсөтө
Эмил кезеп сөөмөйдү:
- Эжеке, - дейт, таң калып, -
Жердин ичи көңдөйбү?!

## Шамал жана гүл



Гүлдөр назик теңселет
Эпкининден ойт берет
Эх, шамалым, шамалым
Этияттап эркелет.
Уйпалаба жаш жанын
Желекчесин какпагын,
Жайына кой, кыйнабай,
Чайкап жатат баштарын.

## Өрукзарда

Чымчык сайрап ак таңда
Нур чачырап асманда
Өрөөн толо өрук бак
Өңдөш куду ак карга

Аппак гүлү керемет
Учуп түшсө себелеп
Ак көпөлөк өңдөнүп
Өткүн келбейт тебелеп

Бутагында уктап шаң
Жыты жыпар жыттасаң.
Бейиш ыры угулат
Бейпилдигин тыңшасаң.

## Эшегим

Аттын арткан кашегин
Жеп чонойгон эшегим.
Жүк көтөрөт өзүндөй
Өтө күчтүү өгүздөй.

Бел-бучкагын оорутпай
Тыкан токуйм жорутпай.
Кыдындашын жактырам,
Кыдындатып бастырам.

Кымыз ташыйм жайлоодон,
Бошотпоймун байлоодон.
Унуткан түк апасын,
Эстебейт эч атасын.

Жандан артык көрсөм да,
Такай көңүл бөлсөм да,
Эч калтырбай жадатты -
Күлгө оонаган адатты.

## Коңурук

Сурап калды апакем
Сылап чачтан жалына:
- Түндө неге жатпадың
Чоң атаңдын жанына?

Кашып туруп желкемди
Ооз учуман нымтырап:
- Уктатпады - дедим жай
Трактордой тытырап...



## Адепсиз

Буурул сакал чоң авам
Үйгө келди жайында.
- Аваке! - деп жүгүрүп,
Жетип бардым жанына.

Каалагандай ойнодум
Тизесинде отуруп,
Тартып көрдүм сакалың
Тызылдата оорутуп.

- Ава, биздин текенин
Сакалы да ушундай! -
Десем кууду атакем:
- Чык, - деп, үйдөн, кутурбай!

## Кулунум

150с 00т

Ыргап кыска куйругун
Үйүр мага кулунум.
Паравоздой буу бүркүп
Пышылдатат мурунун.



Ак кант берсем сүйүнөт
Так секирип түйүлөт
Тулпар болор жөнү бар
Эргип-эргип жүгүрөт.

Чечип таштап желесин,
Кашыйм күндө денесин.
Ээрчип алат жорголоп
Ээрчигенсип энесин.

# Кунookор

Куу күчүгүм Аскарды
Көрсө келет жүгүрүп.
А Эсенди көргөндө
Качып берет түйүлүп.

Аскар сылап жонунан
Колуна шак көтөрсө,
Шыйпандатып куйругун
Куштар болот бөтөнчө.

Күчү, күчү, күчүлөп
Эсен сунса ак нанын
Борс-борс үрөт тызылдап
Көргөн өндүү душманын

Анткени ал бир жолу
Кулактарын чойду эле.
Кыйнап ойноп, бир бутун
Ооруксутуп койду эле...



# МАЗМУНУ

### *Жомоктор*

Каргышка калган Байбулу ........ 3
Камчысап жана казына ........ 8
Амалдуу хан ........ 16

### *Койчу туш болгон кызыктуу окуялар*

Ажалы жеткен бүркүт ........ 21
Кокуйлаган күйкө ........ 23
Тегеренген тезек ........ 24
Кулаган бүркүт ........ 25
Жаа жыланды энеси менен өлтүрөт? ........ 26
Уйдун сыйкырлуу куйругу ........ 27
Сары ит жана арс ........ 28
Көпкөн кузгундар ........ 29
Капкан ........ 30
**Жаңылмачтар** ........ 32
**Ким күчтүү (эл оозунан)** ........ 36

### *Ырлар*

Түнкү жайлоо ........ 37
Туурабы? ........ 38
Чындап эле ........ 38
Тешилген глобус ........ 38
Шамал жана гүл ........ 39
Өрүкзар ........ 40
Эшегим ........ 40
Коңурук ........ 41
Адепсиз ........ 41
Кулунум ........ 42
Күнеекөр ........ 43

**Жекембаев Бекмырза Рахманович**
**"Камчысап жана казына"**
*Жомоктор*

Редактору *Кубанычбек Сейдалиев*
Тех.редактору *Жумабай Бечеков*
Корректору *Пашахан Абдразакова*
Сүрөттөрүн тарткан - автор

УДК 821.51-93
ББК 84 Ки 7-4
Р 27

Рахман уулу Б.
Р 27 Камчысап жана казына: Жомоктор, жаңылмачтар, айбанаттар жөнүндөгү окуялар, ырлар. - Б.: 2015. - 44 б.

ISBN 978-9967-27-880-6

00100-15
97-27-880-6

УДК 82 93